# МАХАБАТ САПТАРЫ

**Сөзү: Эгемберди Эрматов**
**Обону: Мирланбек Давлатов**
**Аткаруучу: Мирланбек Давлатов**

**Чок салдың анык. Кызарып күйөт ошол чок.**
**Жүрөгүм ыйлап турганы менен ишиң жок.**
**Өрүлгөн чачың тор болду мага жайылган,**
**Кай жакка барсам - бастыра койбой жол тосот.**

**Өчөшкөн кандай өчүң бар экен, билбедим.**
**Жанымды кармап каалаган бийиң бийледиң.**
**Жалбырган сөздүн айттырып алдың далайын,-**
**Ачтырып алдың көмүскө жаткан ыр кенин...**

**Жолукпай сага жыл өттү. Башка мүнөзүң...**
**Башкача карап, башкача сүйлөп, күлөсүң.**
**Жалының издеп таппаймын мени өрттөгөн,-**
**Кыялың менен сен башка көлдө сүзөсүң...**

**Ойлоймун кээде-күлгүн жаш өмүр бир келет,-**
**Күйүткө чылап, кҮл кылып аны не керек?**
**А бирок сенин азабың тартпай калганда,**
**Тагдырым менин чёл болмок экен капилет.**

**Чыдаймын кантип? Досторум айтат: "Чыдагын!"**
**Кай жака кетти маңдайда турган чырагым?**
**Кусадар болуп күйүттө өлөт окшоймун,-**
**Күлкүңө неге бал менен ууну чыладың?**

**Торуңду жайдың  кутулбас кылып тузактап...**
**Жарыгын, бербей, жаркыным, кеттиң узактап…**
**Аман бол дайым, чөкпөсүн сенин көңүлүң,**
**Душмандар, мейли, сөз кылсын мени мазактап.**

**Чачылган дүйнөм, мансабым болсо колумда,**
**Шамчырак сымал күймөкмүн сенин оюңда.**
**Бүт баарын бердим - көңүлүң жибип калган жок.**
**Жараткан күбө -ээримек эле чоюн да.**

**Эмне кыл дейсиң, акыркы буйрук -өлүмбү?**
**Сүйөмүн деп кой - мен бузуп чыгам көрүмдү.**
**Булактай тунук агылып турам шыңгырап,**
**Гүлзарга бөлөп беремин бопбоз чөлүңдү.**

**Көңүлүм түшүп, көкүрөк сыры зилге жык.**
**Сени деп далай жигиттер жүрөт ашыгып.**
**Бир жолу мага өптүрүп коюп жоголдуң...**
**Өзөктү өрттөп, жүрөктү отко туш кылып.**

**Азапка салып  кетти окшойт сенин шамалың,**
**Жер кезип чыксам кай жерден, кантип табамын?**
**Жылдыздай жылт деп колуңа турбайт сымаптай**
**Шайтандан эстүү аялдын көрдүм амалын.**

**2014-жыл**